**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын отурумунун**

**№75 Чечими**

2021-жылдын 14-январы

Кара-Суу шаары

Кара-Суу АШКнын төрагасы – К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова

Мүчөлөрү: Султанов Н., Мойдунов Т., Кадыров К., Акимбаев С.,Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Абдилла к.А, Мамашев М., Карабаев Т., Мойдунов Т., Раева Ы.

1. “Таза шайлоо” ассоциациясынын байкоочуларынын кайрылуусун кароо.

“Таза шайлоо” ассоциациясынын байкоочулары Икрамова Э., Нурбекова А, Атабаев А., Маликов Н. №5270 шайлоо участогунун печатында кара сыя пайдаланып жаткандыгы боюнча кайрылган.

Материалды тактоо үчүн №5270 шайлоо участогунун төрагасы М.Самибаева чакырылган.

М.Самибаева өз маалыматында көк түстөгү сыя колдонууда, протоколду сканерден жөнөткөндө көрүнбөй калгандыгына байланыштуу Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын көрсөтмөсү менен кара түскө өткөндүгүн билдирди

Жогорудагылардын негизинде, Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы №5270 участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан мыйзам бузуу болбогондугун белгиледи жана төмөнкүдөй:

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. №5270 участкалык шайлоо комиссиясында мыйзам бузуу болбогондугуна байланыштуу, “Таза шайлоо” ассоциациясынын кайрылуусун канааттандыруудан баш тартылсын.

2. Чечимдин көчүрмөсү “Таза шайлоо” ассоциациясына берилсин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожанова**